DOI:10.33942/sit1375 УДК: 378

# МАГИСТРАНТТАРДЫН ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Тыныстанова Н.А.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ, ф.и.к., доцент, E-mail: ntynystanova@list.tu*

***Аннотация:*** *Бул макалада магистранттардын илимий-педагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык негиздери жана практикалык механизмдери талданат. Илимий-педагогикалык компетенттүүлүк түшүнүгүнө бир нече авторлордун аныктамалары берилет, анын түзүмдүк компоненттери: илимий, методикалык, педагогикалык жана изилдөөчүлүк багыттары каралат. Компетенттүүлүктүн деңгээлдери жана аныкталуучу көрсөткүчтөрү системалуу анализге алынган. Магистратура деңгээлиндеги билим берүүнүн мазмуну, максаттары жана келечектеги окутуучуну даярдоодогу ролу өзүнчө бөлүк катары ачып көрсөтүлөт. Макалада компетенттүүлүктү калыптандыруунун заманбап жолдору — проекттик иш, изилдөөчүлүк окутуу, семинарлар жана конференциялар, илимий жетекчилик, ИКТны колдонуу жана академиялык жазуу көндүмдөрү аркылуу өнүктүрүү сунушталат. Ошондой эле макалада бир катар практикалык сунуштар берилген.*

**Негизги сөздөр***: магистрант, компетенттүүлүк, илимий-педагогикалык даярдык, ИКТ, академиялык жазуу, илимий жетекчилик, жогорку билим берүү.*

# ФОРМИРОВАНИЕ НАУЧНО-ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ МАГИСТРАНТОВ

**Тыныстанова Н.А.**
*КНУ им. Ж. Баласагына, к.ф.н., доцент, E-mail: ntynystanova@list.tu*

***Аннотация:*** *В статье анализируются теоретические основы и практические механизмы формирования научно-педагогической компетентности студентов бакалавриата. Понятие научно-педагогической компетентности определено рядом авторов, рассмотрены ее структурные компоненты: научное, методическое, педагогическое, исследовательское направления. Систематически анализировались уровни компетентности и измеримые показатели. В отдельном разделе представлены содержание, цели и роль магистерского образования в подготовке будущих учителей. В статье предлагаются современные пути развития компетенций — через проектную работу, научно-исследовательскую подготовку, семинары и конференции, научное руководство, использование ИКТ, развитие навыков академического письма. В статье также дается ряд практических рекомендаций.*

***Ключевые слова:*** *магистр, компетентность, научно-педагогическая подготовка, ИКТ, академическое письмо, научный менеджмент, высшее образование.*

# FORMATION OF SCIENTIFIC AND PEDAGOGICAL COMPETENCE OF MASTER'S STUDENTS

**Tynystanova N.A.**
*KNU named after J.Balasagin, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor, E-mail: ntynystanova@list.tu*

***Abstract:*** *This article analyzes the theoretical foundations and practical mechanisms of the formation of scientific and pedagogical competence of undergraduates. The concept of scientific and pedagogical competence is defined by several authors, its structural components are considered: scientific, methodological, pedagogical and research areas. Levels of competence and their indicators are systematically analyzed. The content, goals and role of education at the master's level in the preparation of future teachers are revealed as a separate section. The article proposes modern ways of forming competence - project work, research training, seminars and conferences, scientific supervision, the use of ICT and the development of academic writing skills. The article also provides a number of practical recommendations.*

***Keywords:*** *undergraduate, competence, scientific and pedagogical preparation, ICT, academic writing, scientific supervision, higher education.*

**Киришүү.** Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын сапатын жогорулатуу жана ЖОЖдордо окутуучулардын кесиптик даярдыгын өркүндөтүү заманбап шарттарда өзгөчө мааниге ээ болууда [1]. Бул контекстте магистратура деңгээлинде билим алган студенттердин илимий-педагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселеси — жогорку билим берүү тутумунун актуалдуу жана приоритеттүү багыттарынын бири болуп саналат. Магистрант — бул болочок илимий кызматкер, педагог жана изилдөөчү. Анын билим сапаты, методикалык даярдыгы жана илимий ой жүгүртүүсү жогорку билим берүү мекемелеринин өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этет. Демек, магистранттарды теориялык гана эмес, практикалык жана илимий жактан ар тараптуу даярдоо зарылдыгы азыркы тапта өтө курч турат [7].

Изилдөөнүн максаты - магистранттардын илимий-педагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун мазмунун, механизмдерин жана шарттарын талдап чыгуу менен тажрыйбалуу сунуштарды иштеп чыгуу.

Учурдагы кырдаалды талдап көрсөк, Кыргызстандын ЖОЖдорунда магистратура программалары акыркы он жылдыкта активдүү өнүгүп келе жатат. Бирок, көп учурда магистранттар илимий изилдөө жүргүзүүгө жана ЖОЖ деңгээлинде педагогикалык ишмердүүлүк жүргүзүүгө жетиштүү даяр болбой чыгышат. Бул жагдай, биринчиден, билим берүүнүн мазмунундагы теория менен практиканын байланышсыздыгы, экинчиден, илимий жетекчиликтин формалдуулугу, үчүнчүдөн, академиялык жазуу, презентация жана коммуникация көндүмдөрүнүн жетишсиздиги менен түшүндүрүлөт. Ал эми дүйнөлүк тенденцияларга назар салсак, өнүккөн өлкөлөрдө магистратура деңгээли - бул жогорку билим берүүнүн изилдөөчү компонентин күчөтүүгө багытталган этап болуп саналат. Магистранттар активдүү түрдө илимий долбоорлорго тартылат, академиялык мобилдүүлүк аркылуу тажрыйба алмашат, окутуу процессине жардамчы катары катышат. Мындай мамиле алардын илимий-педагогикалык потенциалын калыптандырууга жагымдуу шарт түзөт.

Илимий-педагогикалык компетенттүүлүк - бул жогорку окуу жайында магистратура деңгээлинде билим алып жаткан студенттин илимий-изилдөөчүлүк жана педагогикалык ишмердүүлүк жүргүзүүгө даярдыгын, билимдерин, көндүмдөрүн жана мамилелерин камтыган комплекстүү сапаттык көрсөткүч. Бул түшүнүк учурда жогорку билим берүү системасында педагогикалык жана илимий иштерди айкалыштыра билген адистерди даярдоо максатында кеңири колдонулууда.

Илимий адабияттарда бул түшүнүккө ар кандай авторлор ар түрдүү аныктама беришет. Мисалы, В.А. Сластенин илимий-педагогикалык компетенттүүлүктү “илимий негизделген окутуу методдорун жана мазмунун түшүнүүгө, анализдөөгө жана практикага киргизүүгө жөндөмдүүлүк” катары түшүндүрөт [6, 8]. А.В. Хуторской бул түшүнүктү “педагогикалык ишмердүүлүктү илимий изилдөөчүлүк мамиле менен айкалыштырып жүргүзүү жөндөмү” катары мүнөздөгөн [6, 10]. Демек, илимий-педагогикалык компетенттүүлүктү магистранттын илимий-изилдөө ишин жүргүзүү менен бирге ЖОЖдо окутуучу катары иштөөгө даяр болушунун интегралдык көрсөткүчү катары аныктасак болот. Бул аныктамалардан көрүнүп тургандай, илимий-педагогикалык компетенттүүлүк — бир гана билим эмес, ошондой эле жогорку деңгээлдеги аналитикалык, практикалык жана коммуникативдик көндүмдөрдү да талап кылган комплекстүү түшүнүк.

Илимий-педагогикалык компетенттүүлүк өз ичине бир нече негизги компоненттерди камтыйт (табл.1).

Таблица 1

| Компонент | Мазмуну |
|---|---|
| **Илимий** | Илимий-изилдөө методдорун билүү, эмпирикалык жана теориялык анализ жүргүзүү, гипотеза коюп, аны текшерүү жөндөмү |
| **Методикалык** | Сабак өткөрүүдө колдонулуучу методикалык ыкмаларды түшүнүү жана алардын негизинде сабакты пландаштыруу |
| **Педагогикалык** | Билим берүү процессин уюштуруу, студенттер менен иштөө, окутууну башкаруу жана рефлексия жүргүзүү жөндөмү |
| **Изилдөөчүлүк** | Илимий макала, реферат, дипломдук же магистрдик иш жазуу, илимий иштин структурасын түшүнүү жана долбоорлоо жөндөмү |

Бул компоненттер магистранттын теориялык билимдерин практикага интеграциялоо мүмкүнчүлүгүн камсыздайт жана аны ЖОЖдогу окутуучу-изилдөөчү катары даярдайт.

Илимий-педагогикалык компетенттүүлүк өнүгүү деңгээли боюнча да классификацияланат. Бул деңгээлдер ар бир магистранттын даярдык абалын баалоого мүмкүнчүлүк берет (табл.2).

Мындай деңгээлдерди аныктоо аркылуу магистранттарга жеке багытталган методикалык жардам көрсөтүүгө болот жана алардын өнүгүүсүн изилдөөгө илимий негиз түзүлөт.

Жогорку билим берүү системасында магистратура — бул билим алуунун гана эмес, ошондой эле илимий-изилдөөчүлүк жана педагогикалык даярдыкты тереңдетүүчү деңгээл. Магистратура программасы магистранттардын илимий ой жүгүртүүсүн, аналитикалык жөндөмдөрүн, окутуу процессин уюштуруудагы педагогикалык чеберчилигин жана тармактык академиялык жазуу көндүмдөрүн калыптандырууну максат кылат. Бул жагдайдан

алганда, илимий-педагогикалык компетенттүүлүк магистрант үчүн билим алуунун жыйынтыктык көрсөткүчү гана болбостон, келечектеги кесиптик өсүшүнүн негизги инструменти катары кызмат кылат [4, 9].

Таблица 2

| Деңгээли | Мүнөздөмөсү | Көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|
| **Баштапкы (репродуктивдүү)** | Илимий жана педагогикалык маалыматтарды түшүнүү, кайра айтып берүү деңгээлинде | Методдорду билүү, бирок өз алдынча колдоно албайт |
| **Орточо (конструктивдүү)** | Илимий маалыматтарды талдоо, салыштыруу, окутууда колдонуу | Сабак пландаштырат, илимий баяндамаларды даярдайт |
| **Жогорку (чыгармачыл)** | Илимий ишмердүүлүктү өз алдынча пландаштырып, педагогикалык ыкмаларды ийкемдүү колдонуу | Илимий макалаларды жазат, семинарларды жетектейт, окуу программаларын сунуштайт |

Магистратура программасынын негизги функцияларынын бири — илимий изилдөө жүргүзүүгө жөндөмдүү, жогорку деңгээлдеги педагогикалык маданиятка ээ адистерди даярдоо. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына ылайык, магистратура илимий жана педагогикалык багыттагы кадрларды даярдоого багытталган билим берүү деңгээли болуп саналат [5]. Бул милдеттерди аткарууда магистратура төмөнкү негизги аспектилерге басым жасайт:

- илимий негизделген маселени коюп, аны системалуу түрдө изилдөөгө үйрөтүү;
- академиялык чөйрөдө өз ойлорун эркин жана далилдүү түрдө билдире билүүгө үйрөтүү;
- сабак өтүү, баалоо, билим берүүнү пландаштыруу сыяктуу педагогикалык процесстерге катышуу.

Мунун баары магистрантты ЖОЖдогу окутуучу катары даярдоонун маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Магистратура баскычындагы студенттердин ЖОЖдо окутуучу катары иштөөгө даярдыгын камсыз кылуу — комплексдүү маселе. Ал төмөнкүдөй факторлор менен шартталат:

**1. Теория менен практиканын тең салмактуулугу.** Көптөгөн программаларда теорияга өзгөчө басым жасалып, практикалык окутуу тажрыйбасы жетишсиз бойдон калууда.

**2. Методикалык компетенциянын жетишсиздиги.** Магистранттар сабак өтүүнүн заманбап формалары жана стратегиялары боюнча терең даярдыктан өткөн эмес.

**3. Академиялык жазуу көндүмдөрүнүн начарлыгы.** Илимий иш жазууда структураны сактоо, шилтеме берүү, идеяны так баяндоо кыйынчылык жаратат.

**4. Илимий жетекчилик менен өз ара аракеттешүүдө көйгөйлөр.** Формалдуу мамиле магистрантты активдүү илимий ишке тартууга тоскоол болот.

Ушул маселелерди эске алуу менен магистратурада илимий-педагогикалык компетенттүүлүктү калыптандыруу атайын педагогикалык шарттарды жана механизмдерди талап кылат.

Магистратурада билим алып жаткан студент үчүн үч негизги практикалык багыт өзгөчө мааниге ээ:

**1. Педагогикалык практика.** Бул — магистрант билимди берүү, аудитория менен иштөө, сабак структурасын пландаштыруу жана окутууну рефлексиялоо көндүмдөрүн түздөн-түз колдонуп көрө алган этап. Практика учурунда алынган тажрыйба магистранттын окуу процессине болгон көз карашын өзгөртүп, жоопкерчилигин арттырат.

**2. Илимий иш жазуу.** Магистрдик диссертация — бул студенттин илимий-изилдөө жөндөмүнүн көрсөткүчү. Ал илимий теманын актуалдуулугун, иликтөө ыкмаларын, анализ жөндөмүн жана натыйжа чыгаруу мүмкүнчүлүгүн камтыйт. Бул процесс академиялык жазуу маданиятын, системалуу ой жүгүртүүнү жана методологиялык сабаттуулукту талап кылат.

**3. Презентация жүргүзүү көндүмдөрү.** Илимий жыйындарда, семинарларда, конференцияларда өзүнүн изилдөөлөрүн тааныштыруу — магистрант үчүн маанилүү көндүм. Бул академиялык коомчулукта өз ойлорун так жана логикалык курал менен баяндоо жөндөмүн өнүктүрөт, ошондой эле сын пикир менен иштөөгө үйрөтөт.

Магистратурадагы бул үч таянычтуу практикалык компоненттер — магистранттын илимий-педагогикалык компетенттүүлүгүнүн негизи болуп эсептелет. Бул багыттарга системалуу көңүл буруу — ЖОЖдогу билим берүүнүн сапатын жогорулатып, жаш адистердин илимий чөйрөгө активдүү аралашуусуна өбөлгө түзөт.

Магистранттардын илимий-педагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу — бул окуу процессине терең системалуу мамилени, практикалык багыттуулукту жана креативдүүлүктү талап кылган комплекстүү процесс. Бул процесс билим берүү технологияларынын, илимий методологиянын жана педагогикалык чеберчиликтин органикалык айкалышын өзүнө камтыйт. Заманбап жогорку билим берүү системасында компетенттүүлүккө негизделген мамиле негизги принциптердин бири болуп саналат, андыктан магистратура программаларында да бул багытта так стратегиялар жана механизмдер иштелип чыгууга тийиш.

Магистранттын компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө төмөнкүдөй билим берүү стратегиялары мыкты натыйжа берет:

1. Проекттик иш ыкмасы. Бул ыкма студенттин өз алдынча теманы изилдеп, натыйжаларын так баяндап берүүсүнө түрткү берет. Мисалы, магистрант билим берүү тармагындагы көйгөйлүү маселени изилдеп, практикалык сунуштарды иштеп чыгат. Бул метод креативдүүлүктү, критикалык ой жүгүртүүнү жана жарандык активдүүлүктү да өнүктүрөт.

2. Изилдөөчүлүк окутуу (research-based learning). Бул стратегияда окуу материалы илимий изилдөөгө негизделет. Магистрантка темалар сунушталат, ал өзү маалымат топтойт, анализ жүргүзөт, жыйынтык чыгарат. Бул ыкма илимий ой жүгүртүүнү калыптандырууга жана теоретикалык билимди реалдуу практикага айлантууга багытталган.

3. Case-study (жағдайлык талдоо). Магистранттарга реалдуу турмуштук педагогикалык же илимий кырдаалдарды чечүү сунушталып, аналитикалык ой жүгүртүүгө шарт түзүлөт.

4. Рефлексивдик анализ. Ар бир тапшырманын, иш-чаранын соңунда рефлексия жүргүзүү — компетенттүүлүк калыптануусунда маанилүү механизм. Бул көндүмдөрдү өзү талдоо, кемчиликтерин аныктоо, натыйжалуулукту жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Магистранттын илимий-педагогикалык потенциалын ачууда илимий жетекчинин ролу абдан чоң. Жетекчи менен болгон үзгүлтүксүз иштөө төмөнкүдөй механизмдер аркылуу ишке ашат:

- илимий ишти этап-этабы менен пландаштыруу. Максат коюу, теориялык бөлүмдү түзүү, методологияны тандоо, маалымат чогултуу, анализ жүргүзүү жана тыянак чыгаруу этаптарын жетекчи менен биргеликте талкуулоо;
- жеке консультациялар. Ар бир этапта жетекчинин илимий багыт берүүчү сунуштары магистранттын компетенттүүлүгүн тереңдетүүгө жардам берет;
- коомдук илимий иш-чараларга тартуу. Илимий жетекчи магистрантты семинарларга, конференцияларга, мастер-класстарга тартуу менен анын академиялык чөйрөгө интеграцияланышына көмөк көрсөтөт.

Илимий жетекчи менен түзүлгөн ишенимдүү жана системалуу мамиле — магистранттын изилдөөчү жана окутуучу катары калыптанышына чоң өбөлгө.

Илимий жана педагогикалык көндүмдөрдү бекемдөө үчүн студентти академиялык коомчулукка тартуу маанилүү. Төмөнкү иш-чаралар компетенттүүлүктү практикалык жол менен өнүктүрөт (табл.3).

Таблица 3

| Иш-чара | Максаты жана мааниси |
|---|---|
| **Илимий семинарлар** | Темалар боюнча презентация жасап, аргументтештирүү көндүмдөрүн өнүктүрүү |
| **Конференциялар** | Илимий макала даярдоо, башка окумуштуулар менен пикир алмашуу |
| **Тажрыйбалык лабораториялык иштер** | Педагогикалык жаңычылдыктарды практикада колдонуп көрүү |
| **Дискуссия жана дебат клубдары** | Критикалык жана аналитикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү |

Аталган иш-чаралар магистранттарга коомдук сүйлөө, илимий терминологияны колдонуу, аргументтештирүү жана сын пикирге жооп берүү көндүмдөрүн өздөштүрүүгө жардам берет.

Заманбап билим берүү процесси санариптик чөйрөсүз элестетүү мүмкүн эмес. Магистранттар үчүн төмөнкү ИКТ куралдарын натыйжалуу колдонуу — алардын илимий-педагогикалык компетенттүүлүгүн тереңдетүүчү маанилүү фактор:

- Google Scholar, Scopus, ResearchGate — сапаттуу булактар менен иштөө.
- Zotero, Mendeley — шилтеме берүү системаларын колдонууну үйрөнүү.
- Canva, PowerPoint, Prezi — презентация түзүү көндүмдөрүн өркүндөтүү.
- Google Docs, Overleaf — биргелешкен илимий иш даярдоону уюштуруу.
- Plagiarism Checker Pro, Grammarly — академиялык тазалыкты камсыз кылуу.

Мындан тышкары, академиялык жазуу көндүмдөрүн (академиялык стилде ой жүгүртүү, киришүү–негизги бөлүк–жыйынтык логикасын сактоо, шилтемелер менен иштөө ж.б.) атайын курстар аркылуу өнүктүрүү — магистранттын илимий сапатына түздөн-түз таасир этет.

Магистранттардын илимий-педагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу - бул билим берүү тутумунун сапатын арттырууда жана келечектеги жогорку окуу жайынын окутуучусун даярдоодо негизги багыттардын бири болуп саналат. Бул компетенттүүлүк - илимий түшүнүк менен педагогикалык чеберчиликтин, изилдөө көндүмдөрү менен окутуу усулдарынын жуурулушкан биримдиги катары каралышы зарыл. Жогоруда жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, компетенттүүлүктүн түзүмү бир нече компоненттерден турат: илимий, методикалык, педагогикалык жана изилдөөчүлүк. Ар бир компонент өз алдынча өнүктүрүлүп, окутуунун натыйжалуулугун камсыз кылууга багытталат.

Магистратура деңгээлиндеги окуу процесси магистранттарга билимди пассивдүү кабыл алуудан тышкары, аны жаратуу, талдоо жана практикага киргизүү жөндөмдөрүн калыптандырууга мүмкүндүк түзөт. Педагогикалык практикалар, илимий иштерди жазуу, конференцияларга катышуу, илимий жетекчи менен активдүү иштөө - мунун баары компетенттүүлүктү бекемдөөчү негизги механизмдер катары өз ордун табууда.

Заманбап билим берүүдө ИКТнын орду өзгөчө. Санариптик шаймандарды, маалымат базаларын, онлайн ресурстарды колдонуу — академиялык компетенттүүлүктүн ажырагыс бөлүгү болуп калды. Ошондой эле академиялык жазуу маданиятын өздөштүрүү, плагиаттан алыс болуу, сапаттуу текст түзүү көндүмдөрү - келечектеги окутуучунун илимий абийиринин көрсөткүчү.

Ушул негизде төмөнкү сунуштарды берүү орундуу:

1. Магистратура программасына компетенттүүлүккө негизделген модулдар кошулсун. Атап айтканда, илимий методология, педагогикалык дизайн, академиялык жазуу, санариптик куралдар боюнча курстар киргизилиши зарыл.
2. Илимий жетекчилик системасы күчөтүлүшү керек. Жетекчилер үчүн да коучинг элементтери камтылган семинарлар уюштурулуп, магистранттарга системалуу багыт берүү камсыздалсын.
3. Практикалык платформалар (педагогикалык лабораториялар, окутуу симуляторлору, mentorship-платформалар) түзүлүп, магистранттар реалдуу шарттарда компетенттүүлүгүн калыптандыра алышы шартталсын.
4. Илимий жана академиялык маданиятты өнүктүрүүчү иш-чаралар - конференциялар, дебаттар, жазуу лагерлери (writing camp) жигердүү уюштурулсун.
5. ИКТ көндүмдөрү боюнча атайын мастер-класстар уюштурулуп, магистранттар маалымат менен иштөөдө жана санариптик жазууда эркин боло алышы керек.

**Жыйынтык.** Жыйынтыктап айтканда, илимий-педагогикалык компетенттүүлүк — бул үзгүлтүксүз өнүгүүнү талап кылган, интеграцияланган, көп баскычтуу процесс. Аны калыптандырууда жогорку окуу жайлары, илимий жетекчилер, билим берүү саясатчылары жана өздөрү магистранттар тыгыз кызматташууда болушу шарт. Болгондо да бул багыт — билим берүү системасынын келечегин аныктоочу негизги фактор.

## Колдонулган адабияттар

1. Ахунжанова М.Х. Студенттердин гуманитардык компетенттүүлүгү: түшүнүктүн теориялык анализи / М. Х. Ахунжанова, Ч. К. Рыспаева, Т. М. Базакечев // Вестник физической культуры и спорта. – 2023. – No. 1(31). – P. 292-296. – DOI 10.59406/1694-6707.2023.311.56. – EDN CKREHU.

2. Байденко В.И. Выявление состава компетенций выпускников вузов как необходимый этап проектирования ГОС ВПО нового поколения : метод. пособие. М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов. 2006.

3. Бекоева М.И. Педагогические условия формирования профессиональных компетенций магистрантов / М. И. Бекоева // Успехи современной науки. – 2017. – Т. 2, № 3. – С. 52-54. – EDN YNFLFV.

4. Далингер В.А. Формирование специальных компетенций у магистрантов направления "Педагогическое образование", магистерская программа "Математическое образование" / В. А. Далингер // Современные наукоемкие технологии. – 2014. – № 12-1. – С. 79-83. – EDN REHBYP.

5. Закон КР “Об образовании” / https://cbd.minjust.gov.kg/4-3419/edition/1273902/ru

6. Кравченко Е.В. Профессионально-педагогическая компетентность будущего учителя // МНКО. 2010. №4-2.

7. Крулехт Мария Вадимовна Формирование компетентности магистров по профилю «Педагогический менеджмент» в области инноваций в сфере образования // Знание. Понимание. Умение. 2014. №2.

8. Педагогика: учебное пособие для студентов педагогических учебных заведений / В.А. Сластенин, И.Ф.Исаев, А.И. Мищенко, Е.Н. Шиянов. -М.: Школьная пресса, 2002.

9. Стукалова О.В. Развитие общепрофессиональных компетенций магистрантов - студентов педагогического университета / О. В. Стукалова // Социокультурная антропология. – 2024. – № 3. – С. 31-38. – EDN CUCCTE.

10. Хуторской А.В. Ключевые компетенции как компонент личностно ориентированной парадигмы образования / А.В. Хуторской // Ученик в обновляющейся школе: Сборник научных трудов / под ред. Ю.И. Дика, А.В. Хуторского. – М., 2002.